КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
БАТКЕН РАЙОНУ
СУУ-БАШЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАТКЕНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
СУУ-БАШИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Суу-Башы айыл аймагынын айылдык Кеңешинин VII чакырылышынын
кезексиз XXXII сессиясы

ТОКТОМ № 97

Боз-Адыр айылы — 2023-жылдын 24-ноябры

**Суу-Башы айыл өкмөтүнүн башчысы К.Дыйкановдун билдирүүсүн кароо жөнүндө**

Баткен районунун Торт-Гүл айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 24-ноябрындагы №04-27/941 каты менен бирге Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттигинин “ Кыргызмамжердолборлоо” жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик долборлоо ишканасынын Баткен жерге жайгаштыруу боюнча экспедициясынын 2023-жылдын 31-июлундагы №01-13/3799 аныктамасына ылайык №69 контурундагы 1600м2 жер аянтын “ Айыл чарба багытындагы” жер категориясынын таштак жайыт жана курулуш астындагы түрүнөн , “Өнөр жай , транспорт, байланыштын, энергиянын, коргонуунун жана башка жерлери” категориясына которууну (трансформациялоону) угуп, талкуулап Суу-Башы айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз XXXII сессиясы **токтом кылат:**

1. Суу-Башы айыл өкмөтүнүн Апкан айылында жайгашкан №69 контурундагы 1600м2 жер аянтын, Төрт-Гүл айыл өкмөтүнө “ Айыл чарба багытындагы” жер категориясынын таштак жайыт жана курулуш астындагы түзүлгөн , “Өнөр жай , транспорт, байланыштын, энергиянын, коргонуунун жана башка жерлери” категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Токтомду аткарууга алуу жагы Суу-Башы айыл өкмөтүнүн башчысы К.Дыйкановго милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Суу-Башы айылдык кеңешинин айыл чарба маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага — А.Бөрүев